# ЧОҢТАШТАГЫ ЭЛҮҮ ТӨРТ ЖЫЛ КАТЫЛГАН КАЙГЫЛУУ СЫРДЫН БАЯНЫ

**Т. и. к. Роза АБДЫКУЛОВА**
Кыргыз-Түрк Манас университети, Гуманитардык факультети, Тарых бөлүмү
E-mail: rozazere@hotmail.com

**Аннотация**

1937-жылдагы репрессия тууралуу маалымат берген, элүү төрт жыл Чоңташта катылган сырды элге кабарлаган Бүбүйра Кыдыралиеванын айткандары аудиокассета аркылуу студенттерге жети жылдан бери уктурулуп келинүүдө. Бул жылы жогоруда аты аталган окуянын өткөнүнө жетимиш жыл толмокчу. Мындан улам «оозеки тарыхтын» бир өрнөгү катары аудиокассетадагы аңгемелешүүнү кагаз бетине түшүрүп, окурманга сунуу менен өтмүштөгү аталардын сөөгүн агартууну парз деп сезем. Аңгемелешүүдө кездешкен кээ бир кыскартма сөздөрдү ачыктоо иретинде кошумча маалыматтар да берилмекчи. Мындагы максат 1937-ж. таандык Чоңташтагы сырдын бетинин ачылышы кандай болгонун ар бир атуул билсе деген тилек... Бул аңгемелешүү 1992-ж. жазылып алынган, аудиокас–сетада кандай айтылса дал ошондой шекилде сунулмакчы...

**Ачкыч сөздөр:** Бүбүйра Кыдыралиева, Чоңташ, «Комсомолец Киргизии».

## THE EXPLANATION OF A SECRET HIDDEN FOR 54 YEARS IN CHONTASH

**Abstract**

The story is about Repression in 1937. Bubuyra Kydyralieva told us about the hidden and event which was happened in the Stalin period. Kyrgyz famous people when were killed and buried. Bubuyra Kydyralieva was only ten years old when Kyrgyz outstanding people were murdered. After 54 years she had told to KGB how they buried in Chontash. This article contains the information about this event.

**Key Words:** Bubuyra Kydyralieva, Chontash, Komsomoles Kirgizii.

1937-жылдагы репрессия тууралуу маалымат берген, элүү төрт жыл Чоңташта катылган сырды элге кабарлаган Бүбүйра Кыдыралиеванын айткандары аудиокассета аркылуу студенттерге жети жылдан бери уктурулуп келинүүдө. Бул жылы жогоруда аты аталган окуянын өткөнүнө жетимиш жыл толмокчу. Мындан улам «оозеки тарыхтын» бир өрнөгү катары аудиокассетадагы аңгемелешүүнү

кагаз бетине түшүрүп, окурманга сунуу менен өтмүштөгү аталардын сөөгүн агартууну парз катары кабыл алууга болот. Аңгемелешүүдө кездешкен кээ бир кыскартма сөздөрдү ачыктоо иретинде кошумча маалыматтар да берилмекчи. Мындагы максат 1937-ж. таандык Чоңташтагы сырдын бетинин ачылышы кандай болгонун ар бир атуул билсе деген тилек... Бул аңгемелешүү 1992-ж. жазылып алынган, аудиокассетада кандай айтылса дал ошондой шекилде сунулмакчы...

(1937-ж. окуя тууралуу баяндаган, ошол мезгилдин күбөсү Бүбүйра Кыдыралиева менен аңгемелешүүнү 1992-ж. журналист Тенти Орокчу уулу алып барган).

**Журналист:** 1991-ж. чоң окуя болду... Биз К. Тыныстановдун, Ж. Абдрахмановдун, Т. Айтматовдун кайда көмүлгөнүн билбей жүргөнбүз. Сиз ал кезде кичинекей кыз болсоңуз да катышкандардын бири экенсиз. Сиздин атаңыз бул окуяга катышпаса да көргөн экен, анан сизге айтып калтырган экен. Ушул жердеги болуп өткөн окуяны мен айта албай калсам, сен элге чыгараарсың, айтаарсың,- деген экен. Ошол керээзди орундатып, өткөн жылы жүз отуз сегиз адамдын Чоңташка коюлган бейитин көргөзүп берген экенсиз. Эми ушул атаңыз кандай киши эле, кантип ал жерде туруп калдыңыздар эле, сиз ошондо канча жашта элеңиз, алгач, ушул суроолорго жооп берсеңиз...

**Бүбүйра Кыдыралиева:** Атам граждандык согушка катышкан киши болчу. Кийин Улуу Ата мекендик согушка өзү суранып кеткен. Менден улуу бир тууганым аскер кызматчысы эле. 1932-ж. ГПУнун дом отдыхына (эс алчу жайына) жумушчу болуп кирет. Атам өзү сабатсыздыгы жоюлган арапча, латынча окуй билген киши эле. Анча мынча молдолук, жазуучулук жайы бар киши болчу. Ал жерге келгенинин себеби, 1930-ж. катуу ачарчылыктан эл өйдө-ылдый кетип, кырылып жаткан учур экен. Атам аскер кызматында жүрүп, «старшина» деген наам алган. Эмнегедир жумуш сурап барса, ушул жерди айтып, жумушка алышкан. Ал жерде кышкысын эки гана үй-бүлө Кабельниковдор жана биз жашачубуз. Жайкысын келген ГПУ нун кишилерине мал союп, картөшкөсүн айдап, бал челегин кармап, кымыз кылып, уй саап аларды тейлөөчүбүз. Анда мен кичинекей кыз, жайкысын Чоңташта калың токой аралап кетсе кишинин бою көрүнбөгөн, канаттуу куштар көп болгон жер эле. Ишемби, жекшемби күндөрү келген коноктор үчүн Кабельниковдун баласы Коля экөөбүз кичинекей чака алып жумуртка чогултаар элек. Талаанын баары жумуртка, аларды чакалап ташыйбыз. Ошол жерде эки кабаттуу заводдун имараты бар эле. Ичине кирип кетсе жашырынып калсаң киши көрүнбөгөн, үстү жабык жер эле.

Жайында ал жерге заведующий болуп бир немис киши келээр эле. Анын Отта аттуу уулу, Эмма атында бир кызы бар эле. Сиңдим экөөбүз алар менен ойноп жүрүп немисче тилде кадимкидей суйлөшө билээр элек. Ал кезде биз окууга бара элек, кичинекей бала элек. Балалык сезим дагы... Бирок, ал жерге тегеректеги колхоздон, айыл-ападан эчким катташчу эмес. Себеби дегенде мүмкүнчүлүк жок болчу. Атам менен апамдын бир туугандары келсе да кеч күздө катташчу. Айыл-ападагы башкармалар, зоотехниктер адыр ашып, эптеп жатып атамдан суроосу болсо сурап кетээр эле. Кышкысын болсо атамдын колунда чана, бир кулундуу бээ, бир ат калчу. Ат менен суу ташып, сууну тоңдуруп муздаткыч, азыркы абалга карасам, эки кабат сыяктуу чоң аң казаар эле, анын ичине атам, апам, орус аял анын күйөөсү төртөөлөп, музду тоңдурма кылышчу. Ага эт, арак, арактын бөтөлкөсү бирөө «жеттик» (четтик),- деп коер эле, азыр канча болот, билбейм. Пиво, лимонад, шампанский, коньяк дегендерди ящиктеп жыйып коер эле. Анын ачкычынын бири атамда, бири эс алуу жайынын башкармасында болоор эле.

Жайкысын башкарма шаардан керектүү оокаттарды алып келип машинеси менен жыйып салчу. Муздаткычтын ичи толтура турчу. Момпосуйдун ар түрлөрү... Атам, апам ичимдик ичпеген киши эле. Төмөндөгү айылдагылар жайын чөп чаап, эгин жыйноо мезгилдеринде адыр ашып, билинбей, дем алышы жок күндөрдө келээр эле. Чоңташтын башында бир кара жыгач бар болчу, ал азыр да бар. Алар ошол жерге келип, атама ышкырганда атам арак, коньяк салып, аларга алып барып бер деп колума карматчу. Апамдын төркүндөрүнөн ачарчылыкта жетим калган чоң өтүк уруусунан бир үй-бүлөнүн жетим балдары адыр ашып, Орталыш деген азыркы Байтик айылынан кара жыгачтын түбүндө отурушканда, ашканадан арткан нандарды, эттерди, союлган койлордун ичеги-карын, майын алып барып берсем, алар таежелериме алып барып беришчү. Бул эсте калганынын себеби, жаманчылыкты көбүрөөк көрүп, ачарчылыкка аралашкан бала кезек...

**Журналист:** Эже, муздаткычта арак, конфет баары болоор эле деп айттыңыз го. ГПУ нун адамдары ишемби, жекшемби күндөрү келип, көңүл ачкан күндөрү да болсо керек. Ошол жагын да айта кетсеңиз...

**Бүбүйра Кыдыралиева:** Дем алышка карата жума күндөн баштап даярдык көрүлчү. Себеби, алардын жууркан, төшөктөрүнүн баарын апам жайлачу. Берки орустун кемпири картаңыраак эле, ал болсо шыпырып, жерди жууп, тазалап коер эле. Булардан башка аларга жардам берген шаардан да келип кетип иштеген жашыраак аялдар да болчу. Алар эки күнгө келишчү, анан кетишчү. Кызым орус балдар менен ойнодуңарбы же кыргыз балдар менен ойнодуңарбы?- деп атам, апам менден сураар эле. Ошондо Лоцмоновдун эки баласы бар эле. Анын дагы жардамчысыбы, азыр ойлоп көрсөм, эки этаж алды жертөлөө үйгө аялы балдары менен, жардамчысы аялы, балдары менен тураар эле. Алардын балдары менен чана тээп ойночубуз. Бизге атайы балдарын кошуп берип, келер замат эле аялы мага Бибирушка!,- деп алып барып, кыздары менен таттууларын берип койсо, чана тээп түшкө чейин ойноп кетип калаар элек. Беш-алты болуп....

Көп ойногон балдардын ичинде кыргыздардан мени менен сиңдим эле болчу. Немистин, орустун балдары, кийин июнь айында чөп чабылып калганда, чананы сурап алып алар да ойночу, Чоңташтын ичи толтура бак, дарак, селкинчек, тор сеткада жатып алып китеп окуганы, ойногону, түшкү тамагына келет, эрте мененки, кечки тамагына келишет. Кичинекей машине менен аларды ташып кетишчү. Сырт жагында машинелер толтура тураар эле. Кыйкырык жок, тыптынч, жай жүрүп, күлкү тамаша өз орду менен тоонун башында, гүл терип жүргөн, Путь социализм, азыркы Воронцовка орус колхозунун жери, аралап эле гүл терип жүргөн киши, тебелеп басып койдуң деген киши жок...

**Журналист:** Кирпич заводунун жанында турабыз. Жакында эле арбактарга арнап Куран окудуңуз. Ал кезде кирпич заводунун жабык экенин айттыңыз. Бул жердин узуну алты, туурасы төрт, тереңдиги отуз төрт метр экен. Ал кезде сиз 1938-ж. он жаштагы кыз кезиңиз экен. 1938-ж. табылган документтерге караганда 5-7-11-ноябрда атылган деген пикирлер айтылууда. Ошол мезгилде сөөктөрдү алып келатканда же көөмп жатканда сиздер бирдемени билдиңиздерби. Ал кезде атаңыздар сиздерге бул тууралуу айтты беле, айтса да сиз кичинелик кылып билбей калдыңызбы. Ошол мезгил 1938-ж. күзү жөнүндө айта кетсеңиз.

**Бүбүйра Кыдыралиева:** Ал кезде Кабельниковдун баласы жетинчи класс, мен экинчи класста болчумун, школго (мектепке) орустардын мүрзөсүн аралап барчыбыз. Ташдөбөдө Шыхымы деген он жылдык мектеп болоор эле. Ошол мектепте окучумун, ал эми Кабельниковдун баласы Воронцовкада окучу. Бир

күнү школдон (мектептен) келсем, атам айтты, кызым, эртең аяш атаңдыкына конокко барабыз, он эки күн ал жакта каласыңар, даярдангыла деди. Конокко барабыз дегенде сүйүнүп кеттим, алар Кашкасуу айылында жашачу, аяш атамдын аты Ашыркул эле. Аябай сүйүндүк, себеби, үйүбүзгө конок келбесе, өзүбүз эч жакка чыкпасак, биз үчүн майрам болду. Сиңдим экөөбүз аябай сүйүнүп, малдарды саап, эшикке чөбүн салып чыгарып коюп, анан атам бизди чанага салып алып жөнөдү. Барганыбызда алар да сүйүндү. Күтүлбөгөн конок келсе кыргызда сүйүнөт эмеспи, коюн союп, конок кылып бир казан эттин баарын салып, бир күн жеп алчу. Эрте менен эрте жерге жарык кире электе атам баягы чананы кошуп жөнөп, малды эшикке чыгарып, уюн саап, канаттуларга жем берип кайра келип калды.

**Журналист:** Түшкө жетпей элеби...

**Бүбүйра Кыдыралиева:** Түшкө кайдан болсун, жерге жарык кире электе. Кайра кечинде барып, ошентип атам күнүгө кетип, күнүгө келет, күнүнө эки маал ошентип жүрдү. Анан биз он эки күндөн кийин үйгө келдик. Үйгө келгенден кийин атам, апам эч нерсе айтпады. Школго барганда балдар сурады. Келгенден кийин атам, апам: ким сураса да туугандар, балдарың, мугалимиң, биз үйдө болгонбуз дегенден бөлөк сөз айтпагын,- деди. Эмне үчүн десем, ошондой иш, айтпагыла дегенден кийин айтпаш керек, кокустан мени, апаңды камашы мүмкүн,- деди. Сезимимде эмнегедир коркунуч туулду. Мен бирөөгө бир нерсе айтсам, баарыбызды кырат экен деген ой келди. Анткени, 1932-33 ж. ачарчылыкта конок–тон келатканда жолдогу өлүктөрдү көрүп, атам түшө калып, жолдон жылдырып, байкуш казак экен дегени эсимде. Ошол өлүктөрдү көргөзүп, атам айтты, мына көрдүңбү канча киши кырылып атат, жаманчылык болот, ачарчылык болот, эч кимге эчтеке айтпайсың,- деди. Макулдук бердим. Школго барганда балдар сурады, кайда жүрдүңөр, - деди. Ооруп калдымдан бөлөк эч нерсе айтпадым...

**Журналист:** Он эки күн каякта жүрдүң,- деп жатат да.

**Бүбүйра Кыдыралиева:** Он эки күн эмес, каникул болду, андан тышкары биз калып калдык да. Ооруп калдымдан бөлөк сөз айтпадык. Он эки күн өттүбү, бир ай өттүбү, ошондон кийин ушундай катуу жыт, сасык, иттерибиз болсо улуйт, баягы орус кемпир-чал да келишти, алар да эчтеке айтпайт. Атам менен апамдар да бири биринен эчтеке сурабайт да, айтпайт. Бирок, атам менен апам эмнегедир кечинде барып, ыйлап келишет, Куран окуп келишет, шыбырашышат. £здөрүнчө кайгыда, биз болсо школго барабыз.. Баягы жыттан эшикти ачып, эшикке чыгышка мүмкүн эмес. Үйдөгү ала кийизди эки каттап апамдар эшиктин сыртынан урушту. Андан да болбой эле үйгө кирет. Үйдөгү орустун войлок деген кийизи бар эле өкмөт жасаган, андан да болбойт. Эшикти ачтыңбы, үй толтура сасып, тамак иче албайбыз. Дагы бир, астапырылда, баягы келгенибизде кар калың болгону менен күн ачык эле, заводко карап ит улугандан карасам, кара дөбө болуп үймөк болуп үйүлүп калыптыр. £зүнчө эле дөң да, чөп үйүлгөн чоң үймөктөй болуп турат. Анан эле атам алаксытып, апам үйгө киргиле эле дей берет. Себеби, кышкысын бизди эрикпесин деп атам дайыма тузак тартчу, баягы тузагы деле калды, иттер күндүзү деле түнү деле ошол жакты карап алып улуйт. Такыр басылбайт, иттерге май, сүт берет, айласы кетет. Анан эле жума күндөрдө апам нан кылып, баягы жерге кечкисин атам экөө барып, Куран окуп келишет. Анан бир айда бир атам тамак-аш, өрдөк-каздын этин бышырып алып, Ташдөбөдө чоң атам менен чоң апам жашашат, ошолордукуна кетет. Анан эле үшкүрүнүп жекшемби күндөрү келип калышат. Анан ыйлашат, анан бир күнү айтты, эмне

болду байкем аман-эсенби десем, аман – эсен деди. Көрсө, чоң атам менен аталаш Иманалиев Шадыкан деген түрмөгө кошо түшүптүр, баягы ыйлап-сыктап, кейип-кепчигени ошол Шадыкан да ошол топурактын астында калды,-деп кейип жүргөн экен да...

Анан февраль айы болуп калды, кар эрип, кардын үстүнөн чоң эле кишилер жүрсө карга батпай муз болуп калаар эле. Анан Жукеш эшикке чыкчы,- деди атам апама кайрылып. Апамдын аты Жийдегүл эле. Биз да кошо чыксак заводдун үстүнөн салааланып, көк, жашыл, сары, кызыл ар түрдүү шоола чыгып туруптур. Атам, апам чөгөлө отуруп кудайга жалынып, Куран окушту. Бирөө чырак жандырган экен деп ойлодук. Шоола деген асманга чыгып, иттер улуп турат. Ал көрсө ошол фосфор чыгып турган экен...

Жаз келди, баягы топурак ылдыйлады, кар жааганда анча билинбей калат. Апрель келди, баягы топурактын үстү майланышып, чөп чыкпайт, атам бизди жана немистин балдарын үстүнө бастырбайт. Апамдын даарыгер жагы бар эле. Көк карганын канатын, жүндөрүн, этин кургатып, балдарга көк жөтөлгө даары деп берээр эле, орус, кыргыз баары сураар эле. Завод кулап баягы жер дөң болуп калды. Анын ичинде эмне бар экенин эч ким билбейт. Кийин майрамда Таш-Дөбөдө күйөөсү Кожонаалы деген атамдын карындашы жашаар эле. Алардын боз үйүндө чай ичип, ойноп отурат элек. Атамдын аты Абыкан болгону менен туугандары «акей» деп коюшчу. Бир казан көжө жасашыптыр, сүт каттап ичип жатабыз. Акырын сүйлөшөт. Бир кезде сен айтчы, -деди атама, машине менен эки жума бир нерселер силер жакка ташышты,- деди. Мен эч кимге айтпайм,- деди. Атам жок эчтеке ташыган жок,- деди. Башкармаларды, сельсоветти баарын чогултуп, бала бакыранын баарын эшикке чыгарбагыла, эшикке эч киминер чыкпайсыңар деп,- эки дем алыш жолдорду буушкан экен. Анда азыркы таш жол жок. Ортосай менен катташып, илгери... азыркы түштүк дарбаза жагында кичинекей полутурка машине менен суу алгыч водопроводдун Чоңташ айылы жагы менен азыркы Ортосайдын төбөсүндө кичи бозголтектин боору менен өтчү жол. Таш тизилген жол эле. Чоңташ айылынан өтө бергенде айдоо менен баягы Ташдөбө айылынын ортосуна салынган жол менен жүрчү эл. Ошол айылга кире берип, гур дегенде эле, электр шамы жок, чырак жагышчу, эл жымжырт болуп калышчу экен. Баягы жезде эмне болсо да көрөйүн деп, анда үйлөрдү орус, кыргыз саман менен жапчу, же жүгөрүнүн бакалы. Байыраактары камыш оруп, камыш менен жапчу. Ал убакта алар аябай чириген бай деп эсептелээр эле. Баягы жүгөрү сабагынын арасынан жездем чатырына чыгып алып, акырын караса, күрүлдөгөн машине айылды аралап, жездемдин үйүнүн түбүндөгү бурулуштан Воронцовка селосунун ортосун жарып, кайра күн чыгышты карай кеткен жол болчу, бурулганда эле жездем караса полуторка машинени тегеректеп солдаттар отуруп алыптыр, колдоруна кармаган мылтыктары,- бар дейт. Ортосу дөң, үстү жабылган ак чүпүрөк, мындайча айтканда, шейшеп болуш керек, аны менен жаап алып, өтөт экен. Кайра кайсы маалда кеткени, кайсы маалда келгенин эч ким эшикке чыкпагандан кийин эч ким билбейт. Жездем бир гана ошону көрүптүр. Бирок оюна эч нерсе кетпей эле эмне үчүн бизди эшикке чыгарбайт, бул соо эмес деген баягы ичиндеги ойлор менен кызыккан экен. Атам менен апам жоок биз үйдө эле болчубуз, эч ким биз жакка эчтеке алып келген жок, билбейбиз менен гана тим болушту. Керек туугандарына керек апамдын атамдын төркүндөрүнө эчтеке билгизишчү эмес. Себеби, алар өздөрү да жанынан коркот да, кокустан атам бирөөлөргө шыбырап билдирип койсо, укум-тукуму менен бүлүнөөрүнө көзү жетип, алар да сурашчы эмес. Ал болсо Сталиндин доорону эле...

Биз эми ошол 1938-ж. алааматтан кийин 1939-ж. келди. Ал жылдын кыш айларында баягы ГПУнун чоңдорунун баары эс алып кайткан учур, баягы немис заведующий (башкарма) атама чакырып алып айтыптыр: «Абыкан, сага айта турган бир сырым бар, мүмкүн болсо эч кимге айтпайсың. Жакын арада чоң согуш болот, ошол согушка уулуңду алат, өзүңдү алат. Ылаажы тапкын дагы жакыныраак колхоздордун бирине киргин, аялың болсо эмчекте баласы бар. Эки кызың, кичинекей, булардын турмушу эмне болот, үйүң жок болсо, жайың жок болсо башкармалардын баарын тааныйсың бирөө менен сүйлөшүп үй-бүлөңө бир кепе де болсо үй тургузуп бергин»,- дейт. Атам баягы кейип, өзү башынан көп нерсе өткөргөн неме, кечинде отуруп алып апам менен сүйлөшүп жатат. Эми Жукеш жаз чыкса биз да эл катары үйлүү жайлуу болуп, мал күтүп айылга аралашсак жакшы болоор эле. Бүбүйра окуп жүрөт, эми Сайра школго барса коркот ко. Коля болсо жетини бүттү сегизди окуп жатат. Ал да бир жакка кетип калса, коркушат,- деди. Биз баягы адыр ашканда түлкүлөр токтоп, бизди карап калаар эле, алар менен аралашып коркпой бирге ойноп жүрө берчибүз. Аны айткандан кийин апам сүйүндү. Биз сиңдим экөөбүз ураа деп кыйкырып жибериптирбиз..

Жаз келди, 1940-ж. болуп калды. Атам баягы колхоздун башкармасы Василий Иванович Клипачок, дядя Вася деп койчубуз, алар макул таап, жер берип, атамды жылкыга завферма (ферманын жетекчиси) кылып коюптур. Суусамырга мал ачыла электе атам, апам экөө бири бири топурактан кирпич куюп, дубалын көтөрүп, Сууусамырга мал кое берип, эки комнат (бөлмө) кичинекей үй салды. Үйдүн чатырын жапты, жанына кампа тургузду, сарай тургузду. Байкемди фин согушуна алып кетти. 1939-ж. атам менен апам ыйлап калды, баягы чоң согуш келаткан турбайбы,- деп. 1941-ж. баягы немис айткандай атам согушка кетти, балдардан эң улуусу мен калдым. Эми кыйналып кысталып баягы согуш жылдарындагы көргөн...

**Журналист:** Атаңыз согушка барып келиптир, эми жанагы там салып, кампа салып жашап турдуңуздар, атаңыз согуштан кайтып келиптир. Андан бери 1945-1992 жылдын ичинде ортосунда атаңыз эмне деп айтчу эле. Кирпич заводдогу сырды кантип айтты эле. Ушул тууралуу айтсаңыз...

Атам Берлиндин алдында чоң госпиталда сегиз ай калып, өпкөсүнүн жарымы, бир кабыргасы жок келди. Колхозго иштеп, жайыттардан жер болоор эле. Малына чөп чабуу үчүн жөө адырларга мен, сиңдим болуп бараар элек. Атам шейиттерге Куран окучу. Кийин мен турмушка чыгып кеткенден кийин инилерим менен дагы эле Куран окуп жүрүптүр. Атам менен апам баягыларды эскерип эч убакта сүйлөчү эмес.

1963-ж. атам каза болду, апам 1973-ж. каза болду. 1963-1973-ж. ортосунда апам өзү жалгыз бой калды. Ошондо да кейип кепчип өзүнчө бушайман болчу эмес. Бизди чогултуп алып сүйлөсө илгерки тарыхты, граждандык согушка барганын, баарын айтып отурса бир өзүнчө эле тарых боло турган эле. Ошол учурларда да жанагыларды эскерген жок. Кийин 1963-ж. аябай катуу ооруп, бир күнү төртөөбүз чогулуп: ата, ахвалын начар болуп турат. Ал кезде шаарда жашайбыз. Атам айылдагы үйдө 1937-ж. эмчектеги бала Нухша деген, бир тууганым, аты биз менен чогуу жашаган Нухша фамилиялуу кемпирден улам коюлган. Апам боюнда бар кезинде сексен жаштарда кемпир, апамдан: сенден суранам, кыз, эркек төрөсөң да атын Нухша кой, сенден суранам, ата тегим өлбөсүн,- деп, чынында

эркек төрөлүп, атын Нухша койгон. Бөбөгүм Нухша ушул ат менен аталып калды да, азыр беш баланын атасы.

**Журналист:** Атаңызга келсеңиз, атаңыз ооруп жатканда кыздар-балдар чогулган турбайсыздарбы.

**Бүбүйра Кыдыралиева:** Атам аңгыча ооруп калды. Ажал кимди алып кетпейт, жаш карыга карабайт. Күйөө балдарды, келиндерди чогултуп алып айтты. «Балам, эми ким билет. Жаман айтпай жакшы жок. Сенин эсиңде бардыр. Сайра болсо кичүү, ал менин кичүү сиңдим эле да. Баягы эсиңде бардыр, аяш атаң Ашыркул–дукуна кеткендеги, иттердин улуп, сасык жыттар, шоолалар эсиңде барбы деп сураганда, ооба,- дедим. Заман оңолуп кетсе бир ыгын таап, шейит кеткендердин сөөгүн агартып, акырын айтып, ошол сыздаган бала бакырасы, ага тууганы болсо таеке, жээндери мен үчүн айткын, аталардан калган салт бар, кыйыр иш кырк жылда билинет деген. Заман дагы эле жакшы эмес, бирок чонойдуңар, үй-бүлөңөр бар,- деди. Эптеп бул сырды ыгы келгенде айт,- деди.

Атам өлгөн соң бийликке Л. И. Брежнев келди, айтууга ыгы келбеди, андан кийин Горбачев келди бардыке жумурай журтка өзүнүн тилине, динине уруксат берди болду, бир жолун таап кимге айтсам деп жүрдүм, ойлогондо уйкудан качам, бир күндөрдө «Комсомолец Киргизии» деген гезитке кандидат наук Бегалиев дегендин макаласы чыгыптыр. Ошондо тизмеде 17-18 кишинин тизмеси бар экен. Окуп алып абдан жаман болдум. Бегалиевке барсам бекен дедим. Барганда табамбы же жокпу деп кафедрага чалсам, секретарь (катчы) кыз агай сабакта деди. Барып чакырып келди окшойт, айнанайын Бегалиевсиңби десем иий, эмне керек эле деди. Ушул сиздин статьяңызды окуп 1938-ж. кыяматтын бир сырын билгенимди айтайын дегиче, кое туруңуз деп телефонду иле салды. А орусча сүйлөш керек го, түшүнбөдү окшойт деп кайра телефон чалдым, баягы кыз алып, сабакка кирип кетти,- деди. Айнанайын ушул бала мага керек эле, үйүнүн телефонун бересиңби десем, макул берейин деп берди. Телефонун алып кечинде кызматтан... (кассетанын дал ушул жеринде маалымат үзгүлтүккө учураган).

Ошондон күндөр өтө берди. Кышында декабрь айларында кызымдын өтүгүн оңдотойун деп өтүкчүгө бардым. Политехническийдин бет маңдайында отурсам, бир жаш келин келди. Эже, очередиңизди (кезегиңизди) бериңиз, менин сабагым бар эле, шашып жатам деди, мугалиммин деп. Эми өз башыман жумуш, кызматтар, түшүнүктүү да, пенсиядагы киши. Эже, мен университетте иштейм. Чет тилден сабак берем, Гулай Байтерековамын, балдарыңыз болсо жибериңиз кечкиге болсо да окуп алышсын,- деди. Неберем бар эле быйыл тогузунчу класста окуйт, - дедим. Анан айта кетти өзү эле мени менен окугандар чет мамлекетте иштеп жүрөт. Мисалы Чыңгыз Айтматовдун уулу Аскар деди. Мен иий эмне кылсам дедим өзүмчө, мурдараак Академияга Илгис Айтматовго открытка жибергем, кабар келбеди. Алдыбы албадыбы деп ойлодум. Байтерековага айтсам эже мен сүйлөшөйүн, Аскарга айтайын деди. Анан эле телефон чалынды алсам, мен КГБ дан чалып атам деди. Жоолугайын дедим эле деди, адрести берип алып келгиче ойлондум, менин балдарым эмне кылмыш кылышты, КГБ га эмне жумушум бар, жөнөкөй эле кишибиз деп ойлонуп унутуп калыптырмын. Эже коркпоңуз мен сыр бар дегенинен келдим,- деди. Оюма түшө калды, кагылайын ырас келдиң, 1938-ж. Кыргызстандын чоңунун баарын атып, каерге көмүлгөнүн билчү элем деп мукактандым, эже чай ичиңиз,- деди. Көзүмөн жаш кетиптир. Төрт сааттай сүйлөштүк окшойт, баарын айттым. Эже, анда мен телефон чалайын,- деп машине менен Чоңташка жөнөдүк, декабрь айынын аягы эле. Кар

кетсин жайында келели деди. Кийин 3-май күнү оператор, тергөөчү, ал бала болуп бардык. Баарын бери келгиле деп, дал ушул жер деп көргөздүм. Кызгалдак гүлдөп турган кезек экен, шейиттерге букетти коюп, жаңы кирпич менен эски кирпичти колуна карматтым. Барып текшерели, эски кирпич болсо каза баштайбыз,- деди. Ошону менен кирпичти бердим да кете бердим.

**Журналист:** Чыңгыз Айтматов сизди издеген экен, тапкан эмес экен. Анын баары гезитке жарыяланды.

Шейиттер тууралуу маалымат бердиңиз. Атаңыз айткан карызын да айтып куткардыңыз. Сизге чоң рахмат.

**Бүбүйра Кыдыралиева:** Кыргыз элине да чың ден соолук, байлык жана тынчтык каалайм.

**Ачыктоолор**

НКВД нын (Ички иштер эл комиссариаты) эс алчу жайы Чоңташта болгон. Бул жайга анда иштегендер ишемби, жекшемби күндөрү гана келип эс алышканы жогорудагы баяндан байкалып турат. Алар эс алууга жайкысын гана келишкен.

Жогоруда баяндалган «Комсомолец Киргизии» гезитине жарыяланган Бегалиевдин макаласы аты аталган гезиттин 1989-жыл 20-сентябрь күнүндөгү санына «Страницы истории. Абдыкерим Сыдыков: Жизнь и трагедия» атында жарыялан–ган. Бул макалада Абдыкерим Сыдыков, Турдалы Токбаев, Эшеналы Арабаев үчөөнүн 1923-ж. түшкөн сүрөтү да берилген. Аталган макаланы С. Бегалиев менен З. Курманов жазган.

Жогоруда «жеттик» же «четтик» деп айтылган арактын бир бөтөлкөсү, балким, 250 грамдык бөтөлкөдөгү ичимдиктен айтылып жатса керек.

Полуторка машине деп, жүк жана адамдарды ташуучу унаанын орусча аталышы болгон. Полуторка сөзү бир жарым тонна салмакты көтөрө ала турган унаа болуп, көбүнчө согушка чейин (Улуу Ата Мекендик согуш) колдонулган.

ГПУ-(Государственное политическое управление) Мамлекеттик саясий башкарма–чылык деп аталган. Бул орган жогоруда баяндалган НКВД нын карамагында иштеген уюм болгон.

**Адабияттар**

1992-ж. жазылып Бүбүйра Кыдыралиеванын өз оозунан жазылып алынган аудиокассета.

Комсомолец Киргизии. 1989-жыл 20-сентябрь, 8-9 беттер.

Хелимская Р. *Тайна Чон-Таша*. Бишкек, 1994.